| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br><br>**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ – ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ОРГОЧОРСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Оргочор айыл аймагынын айыл кеңешинин депутаттарынын 28-чакырылышынын кезектеги 25-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

31-январь 2024-жыл № 88 Оргочор айылы

**Оргочор айыл округунун 2024-жылга карата бюджетин 2025-2026- жылдарга долбоорун бекитүү жөнүндө**

2024-жылга Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджеттин бекитүү, 2025-2026 -жылдарга долбоорун жана 2023-жылдагы бюжеттин аткарылышы жөнүндө Оргочор айыл Кенешинин бюджет-финансы жана экономика боюнча туруктуу коммиссиясынын төрагасы С.Асаналиевдин билдирүүсүн, финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Ч.Казиеванын кошумча билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Оргочор айылдык кенешинин кезектеги сессиясы **т о к т о м к ы л а т:**

1. Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышы бекитилсин.

2. 2024 - жылга карата Оргочор айыл өкмөтүнүн бюджети кирешелер боюнча 31 777,6 миң сом көлөмүндө жана чыгымдар боюнча 31 777,6 миң сом көлөмүндө № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. 2025-2026 жылдарга долбоор №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Салыктардын контингенти жана чегерүүлөрдүн көлөмү № 3 тиркемеге ылайык каралсын жана кирешелер биринчи кезекте эмгек акыга, соцфондго чегерүүгө, коммуналдык чыгымдарга жана жеңилдиктерди төлөөгө жумшалсын. Айыл өкмөтүнүн бюджетине түшүүчү булак болгон салыктарды өз убагында жыйнап бюджетке түшүрүү жагы айыл өкмөтүнүн киреше боюнча жетектөөчү адис Усубакунов Т. милдеттендирилсин.

5. Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу чыгымдардын көлөмү № 4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Жергиликтүү бюджеттен мекемелерге каржылануучу эмгек акы, соц.фондусунун чектелген көлөм № 5 тиркемеге ылайык бекитилсин.

7. Бала бакчалардын атайын каражатына ата-энелерден келип түшүүчүү акча каражаты 1 602,0 мин сом балдардын тамак аш чыгымдарына бекитилсин.

8. Жаштар иштер боюнча адистин эмгек акысы адистин денгээлинде 1(бир)-штаттык бирдиги 7040 сомдук айлык акысы менен бекитилип берилсин. Ар кандай иш чараларга, баардык спорт оюндарына – 550 миң сом транспорттук чыгымдарына 50,0 мин сом акча каражаты бекитилсин.

9. Өзгөчө кырдаалдарга- 1000,0 миң сом акча каражаты, ушул акча каражаттын ичинен күйүүчү май алууга бекитилсин. Каралган акча каражаты пайдаланбай калса башка беренелерге жумшалсын.